

ПРООН-ГЭФ «Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги биоартүрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо» долбоорунун алкагында «Кан-Ачуу» МЖПына төмөндөгү багыттар боюнча көмөк көрсөтүлүүдө:

- парктын флорасын жана фаунасын эсептөөсүн көзөмөлдөө
- аймакта экотуризмди өнүктүрүү
- токой жайгаштыруу иштерин жүргүзүү
- парктын кызматкерлеринин дараметин жогорулатуу
- илимий-изилдөө иш-чараларын өткөрүү



## ПАРКТЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН БАГЫТТАРЫ:

- жаратылышты коргоо жана сактоо, аны келечек муундарга татыктуу өткөрүп берүү;
- өлкөнүн Кызыл китебине кирген жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү өзгөчө коргоо;
- жаратылыштын тарыхый эстеликтерин коргоо жана экотуризмди өнүктүрүү;
- жаратылышты сактоодо жана коргоодо жергиликтүү эл менен тыгыз иш-чараларды алып баруу;
- жаныбарларга болгон мыйзамсыз аң уулоону токтотуу.



Бул буклет ПРООН-ГЭФ «Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги биоартүрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо» долбоорунун алкагында иштелип чыкты.

gef

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

U N D P

Полноправные люди. Устойчивые страны.

**БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТЫ:**

Кыргыз Республикасы,
Жалал-Абад облусу,
Тогуз-Торо району, Казарман а.,
Т. Кожалиев көч, 100.

+996 373 85 01 03

kan-achuu@mail.ru



Буклетте колдонулган фотосүрөттөр ПРООНдун архивинен жана интернет булактарынан алынды



# «Кан-Ачуу»

## МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫ

«Кан-Ачуу» мамлекеттик жаратылыш паркы – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 11-сентябрындагы №630 токтомунун негизинде түзүлгөн өзгөчө корголуучу жаратылыш аймагы.



## «КАН-АЧУУ» МЖПЫНЫН МАКСАТТАРЫ:

1. кайталангыс жаратылыш комплексторин жана биологиялык түрлөрдү сактап калуу;
2. жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн сейрек жана жоголуп кетүү коркунучунда турган түрлөрдү коргоо;
3. Кыргыз Республикасынын өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын тармагын кеңейтүү.

Жаратылыш паркы өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн уникалдуу сактагычы болуп эсептелет. Алардын көбү жоголуп кетүү коркунучунда турат.

«Кан-Ачуу» паркынын флорасы абдан бай. Бул жерде өсүмдүктөрдүн 343 түрүн кезиктирүүгө болот. Аймакта өскөн өсүмдүктөрдүн 10% Кыргызстанда эндемикалык болуп эсептелинип, алардын арасында бырыштуу кырдакурук, саргыч бакалоорчек, Ткаченко долоносу жана башкалар бар.

Жаратылыш паркы Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунда жайгашып, түндүктөн жана түндүк-батыштан Токтогул району, чыгыш жана түштүктөн Көк-Ирим айыл аймагы жана Тогуз-Торо токой чарбасы, түштүк-батыштан – Сузак жана Базар-Коргон райондору менен чектешет.



## ПАРКТЫН АЙМАГЫ 4 ЗОНАГА БӨЛҮНГӨН:




Кызыл китепке кирген өсүмдүктөрдөн төмөндөгүлөр кезигет – Коржинский бакалоорчеги, Кнорринг долоносу, Персия четини жана суусамыр чайыр гүлү.

«Кан-Ачуу» МЖПнын уюштурулушу менен КРсынын Кызыл китебине кирген ак илбирстин, күрөң аюунун, сүлөөсүндүн, бүркүттүн, көк жору, таз кара жана кумайдын корголушуна шарт түзүлүүдө.

**Жаратылыш паркынын аймагында жаныбарлардын төмөндөгү түрлөрү катталган:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| • | омурткалуу жаныбарлардын | 117 | түрү |
| | алардын арасында жерде-суу да жашоочулардын | 1 | түрү |
| • | сойлоп жүрүүчүлөрдүн | 2 | түрү |
| • | канаттуулардын | 92 | түрү |
| • | сүт эмүүчүлөрдүн | 22 | түрү |